www.bizdin.kg

Каратаев Олжобай Кубатбекович,
профессор, тарых илимдеринин доктору

# Енисей кыргыздары жана кыштым институту


## Аннотация

Кыштым – орто кылымдардагы Түштүк Сибирдеги көз каранды калктардын статусун аныктаган этносоциалдык термин. Бул термин енисей кыргыздары тарабынан тоолуу-токойлуу аймактарда жашаган, салык төлөгөн калкка (уруулар, этнографиялык топтор) карата айтылган. Бул этносоциалдык термин келгин орустар тарабынан XVII к. баш чендеринен кабыл алынганы маалым. Кыштым термини Kïšïštïm формасында азыркы Туванын аймагындагы Кемчик-Хая-Бажы деп аталган (Кемчик дарыясынын оң жак жээги) кыргыздарга таандык енисей жазма эстеликтеринде эскерилет. Г.Ф.Миллер өз учурунда “кыштымдар деген аталыш башка элдерге салык төлөөгө милдеттүү калктарды белгилешерин эскерген.


**Өзөк сөздөр**: кыштымдар, енисей кыргыздары, салык, этносоциалдык топтор, орустар ж.б.


## Аннотация

Кыштым - этносоциальный термин для обозначения вассального населения Южной Сибири в период средневековья. Использовался енисейскими кыргызами по отношению к зависимым данникам — таёжным народам, этнографическим группам. В том же значении был перенять пришлыми русскими в XVII веке. Термин кыштым в форме Kïšïštïm впервые упоминается в надписи, сделанной кыргызским (орхоно-енисейским) письмом на скале Кемчик-Кая Бажи на правом берегу р. Кемчик, и относится к XVII веку. Г.Ф. Миллер писал о том, что «кыштымами же по-татарски называются такие народы, которые обязаны другому народу покорностью и платежом дани».


**Ключевые слова**: кыштымы, енисейские кыргызы, дань, этносоциальные группы, русские и.т.д.

Енисейдеги кыргыздардын V-XVIII кк. коомдук өнүгүүсү бир катар социалдык топтордун, катмарлардын келип чыгышы, калыптануусу менен коштолгон. Кыргыздардагы ар бир социалдык катмар (социалдык топ) өлкө турмушунда ар кыл социалдык-экономикалык жана саясий функцияларды аткарган.

www.bizdin.kg

Орто кылымдардагы Кыргыз каганатынын жалпы калкы “алты будун эл”, “алты баг эл” (“алты аймактын же облустун эли”) деп аталганы Енисей бассейниндеги жана Таластагы кыргыз жазуу эстеликтеринен кезиктирүүгө болот. Кытай булактары (“Тан-шу”, VII-X кк., “Юань-ши” XIII-XIV кк.) да кыргыздардын коомдук курулушу, социалдык топтору, мамлекеттик-башкаруу системасы ж.б. тууралу маалыматтарды беришет. Енисей кыргыздарынын өлкөсүндө эрте орто кылымдардан мамлекеттин чарбалык-экономикалык негизин камсыз кылып турган социалдык катмарлар, топтор болгон. Алар негизинен кыргыздарга саясий жана экономикалык жактан көз каранды, кыргыздарга баш ийген элдер, уруулар – “***кыштымдар”*** деп аталган.

Кыштым – кыргыздарга вассалдык көз каранды абалда болгон элдердин, уруулардын коомдогу статусун аныктаган ***этносоциалдык термин.*** Кыштымдар – енисей кыргыздарынын “түбөлүк салык төлөөчүлөрү”, “көз каранды адамдары” болушкан. Кыргыз каганатында жана андан соңку Енисейдеги “Кыргыз өлкөсүндө” (XVI-XVIII кк. баш чени) кыштым институту калыптанып, социалдык-эволюциялык кубулуштарга учураган. Ырас, орто кылымдардагы Кыргыз каганатынын ээлеген аймактары кенен, экономикалык жана саясий жактан баш ийген элдердин саны (кыштымдардын) көп болгону маалым. XII к. тартып енисей кыргыздары мурда ата-бабалары жердеген Енисей дарыясынын ортоңку агымын (бүгүнкү Хакасия жана андан түндүккө карай жайгашкан жерлер, Тува аймагы) байырлап калышкан. Ириде, эзелтеден кошуна жашаган уруулар, этникалык топтор кыргыздардын кыштымдары бойдон кала беришкен. Алар бүгүнкү алтайлыктар (түндүк жана түштүк алтайлыктар), шорлор, хакастар (сагай, качин, кызыл, бельтир, арин, кондом, мотор ж.б.) бүгүнкү тувалардын айрым бөлүктөрү, тофалар, чулумдар ж.б. кет, самодий тилдүү уруулар болушкан. Арийне, аталган уруулардын соңку этностук жүзүнүн калыптануусунда енисей кыргыздарынын тийгизген зор таасири илимде талашсыз бойдон далилденип келүүдө.

“Кыштым” термини эң оболу ***“Kïšïštïm”*** формасында Кемчик дарыясынын оң жак жээгиндеги (Тува) Кемчик-Кая Бажы аска-таш бетинде жазылган VII к. таандык кыргыз жазуу эстелигинде эскерилет. Демек, бул этносоциалдык термин Кыргыз каганаты түптөлө баштаган мезгилден бери карай белгилүү болгон. Енисей кыргыздары колдонгон этносоциалдык терминди XVII-XVIII кк. Түштүк Сибирди

www.bizdin.kg

моюн сундурган келгин орустар да өз лексикасына кабыл алышкан. Г.Ф.Миллер: “кыштымдар деген өзү татарлардын аты, бул аталыш менен бөтөн элге баш ийип, салык төлөгөн элдерди айтышат” – деп жазат (1, с.119). Енисей кыргыздарын изилдеген Н.Н.Козьмин кыштым терминин ***“кистерге”*** деген сөз менен параллел карайт. Бул сөз хакас тилинде “кысымга алуу”, “басымга алуу” маанисин туюнтарын белгилейт (1,с.120). Тарыхчы-археологдор А.П.Окладников, Л.Р.Кызласовдор да жогорудагы пикирди колдошкон. Л.П.Потапов этносоциалдык терминди түрк тилдериндеги ***“киш” – “кундуз”*** маанисинде чечмелейт. “Кыштым” (киштим) “кундузу же аң териси бар адам” мааниснн билдирип, кийинчерээк аң терилер менен салык төлөгөн адамды аныктап калган (2,с.44-56). Хакастардын элдик этимологиясында “кыштым” термини эки түрк форманттарынан турат. “Киш” – кундуз, “ти(ы)м” – ултартылган тери маанисин берет. Демек, термин “кундуздун териси”, “салыкты кундуз териси менен натуралай төлөгөндөр” маанисин билдирет (3, с.196).

Изидөөчүлөр руникалык жазуулардагы эскерилген кыштымдар менен “Худуд ал-Аламда” жазылган (982-ж. перс анонимдүү жазма булагы) “кесимдердин” ортолугунда айрыма жок, маанилеш тарыхый этносоциалдык термин экендигин жазышат. Жазма булакта “кесимдер кыргыздардан башка, бөлөк элдин аталышы катары эскерилет. “Алар тоо этегинде жашашат, тери, мускус, хуту мүйүзүн табышат. Алар кыргыздардын элинин бири, алардын тили халлуктардыкындай, кийими калмактардыкына окшош» - деп айтылат (4, с.234). Тувалардын тарыхын изилдеген тарыхчы Н.А.Сердобов Кемчик суусунун боюндагы жазууда эскерилген ***“Kišištim”*** термининин маанисин иликтеп келип, орто кылымдарда бул аймактарды байырлаган аздар жана чиктер кыргыздардын кыштымдары болуусу ыктымал деген пкирди айтканы маалым. Өз учурунда сибиртаануучу С.В.Киселев жана Л.Р.Кызласовдор бул этносоциалдык топтор жайгашкан аймактарды “Кыштым өлкөсү“ деп атоону сунуш этишкени белгилүү.

Кыргыздар кыштымдардан салык гана жыйнабай, алардын элин жана жайгашкан аймактарын сырттан болуп туруучу ар кандай согуштук коркунучтан сактоо, коргоо милдеткерлигин да алышкан. Кыргыз өлкөсүндө кыштымдар жеке чарбасына, өз менчигине ээ болушкан, үй-мүлктөрүнө кожоюндук кылышкан, жеке керт башынын эркиндигине ээ болушуп, өндүрүш каражаттарын менчигинде

www.bizdin.kg

кармашкан. Кыштымдардын өздөрүнө таандык жайыттары, иштеткен бакчалары, аң улоо капчыгайлары, кен байлыктарды кайра иштетүүчү жерлери, уруулук менчик аймактары боло турган. Алар атайын дайындалган **башлыктар** тарабынан жетектелип өз уругу, урууcу тууралуу маалыматтарды кыргыз бектерине милдеттүү түрдө билдирип турушчу. Кыштымдар өлкөнүн кызыкчылыгы үчүн иштеп берүүгө, андан сырткары, аскердик жалпы милдеткерликтерин аткарууга тийиштүү болушкан. Жаратылыштын кырсыгы, жут келген жылдары кыштымдар кыргыздардан карызга мал-пул, кийим-кече, үй буюмдарын алып турушкан, ачарчылык болгон мезгилде кыргыздардан тамак-аш кабыл алышкан, жутчулук жылдары кыргыздардын жардамы менен баш калкалашканы ырас. Алар кыргыздарга салыкты (ясак, албан) натуралай түрдө төлөшчү. Калыптанган адат боюнча салык катары кундуздун териси төлөнгөн. Талаа мыйзамдарынын негизинде ар бир кыштымдан бештен кундуз же анын толук наркына тете келген салык алынган. Айрым учурларда албан (салык) азык-түлүк, темир буюмдары жана курал-жарак түрүндө да алынганы маалым (3, с.197).

Енисей кыргыздарынын тарыхы, аскердик куралдары боюнча ири адис Ю.С.Худяков кыштымдар орто кылымдардан бери карай кыргыз аскерлеринин жеңил куралданган аскер бөлүктөрү катары белгилүү болгон деген пикирин айтат. Кыштым курал-жарактарын кунт коюп изилдеген адис эгерде кыштым жоокери курман болсо анын сөөгү өз алдынча жерге коюлгандыгын, айрым учурларда кыргыз жоокерлери менен бирге көмүлгөн учурлары кездешерин билдирет. Арийне, XVI–XVII кк. карата кыштымдардагы аскердик система орто кылымдарга салыштырмалуу бир катар эволюциялык өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Археологиялык казуулар кечки орто кылымдарга карата кыштым жоокерлери көмүлгөн көрүстөндөрдөн оор куралчан аскердин согуштук кийимдери бир топ санда табылгандыгын тастыктайт. Демек, XVI-XVII кк. эстеликтерде кыштым жоокерлеринин көп учурай башташы енисей кыргыздарынын согушка жарамдуу адам ресурстарынын улам азайышын чагылдырган десе болот.

Орус документтери кыштымдарды салык төлөгөн кара таман калк, “табигый кулдар” же жөнөкөй эле “салык төлөгөн адамдар”, кыргыздарда алар “орус крепостной дыйкандарынын ордунда болгон” деп жазышкан. Орус булактарында кыргыздар жана кыштымдар даана бөлүнүп көрсөтүлгөн. Кыштымдарды дайыма

баш ийдирилген абалда моюн сундуруп кармап туруу жана салыкты өз учурунда төлөтүү үчүн кыргыздар атайын куралдуу күчтөрдү кармап турушчу. Мындан сырткары, зарыл болгон учурда ошол учурда кенен жайылган “аманат” системасы колдонулган. Эгерде кыштымдар салыкты төлөй алышпаса, аманатка алардын балдары менен аялдары алына турган. Эгерде кыштымдар нараазылык иретинде көтөрүлүш же козголоң чыгарышса көзөмөл салгандар (башлыктар) улустун бектерине куралдуу күчтөр үчүн кайрылышканы белгилүү. Кыштымдарга сырттан куралдуу кол салуу болсо, анда душмандар кыргыз аскерлери менен беттешүүгө туура келген. Эгерде кыштым капчыгайларынын эркектери кыргыздын кыздарына үйлөнүшсө, анда алар улустук коомдун толук мүчөсүнө айланып калышкан. Бул деген кыргыз коомунун бардык укуктарынан пайдалана алган эркин мүчөсү дегенди туюнткан.

Кыштымдар өздөрү жашаган капчыгайларда жана тоолуу аймактарда өз баштыктарына (жетекчилерине) жана аң улоочу жайларга ээ болушкан. Кыштым капчыгайларына көз арткандарга, кожоюн болгон жана коргоо милдетин алышкан кыргыздар согуштук жүрүштөр менен айбат кылышчу. Мындай аскердик кагылышуулар Исардагы (камассин, качин, ариндер), Алтыр (Кондом дарыясы боюнча) улусуна ээлик кылууга көз артышкан телеут жана бурят княздары менен байма-бай болуп турчу. Талаш аймактарга Орусия менен чектешкен жерлер кирген. Кыргыздар бул согуштук кагылышууларда өздөрүнө көз каранды болгон салык төлөөчүлөргө ээлик кылуу укугун сактап кала беришкен (5, с.172-173).

Кыштымдар кыргыздарга канчалык жакын турушса, анда алардан салык (албан, ясак) жыйноо анчалык кыйынчылыкты жаратчу эмес. Тескерисинче, алыскы капчыгайлардан жыйналган салык иштери куралчан аскер жүрүштөрүн элестетип турчу. Арийне, ар кандай чоң же майда урууларды кыштымдарга айландыруу дайыма аскер жүрүштөрү менен гана чечилген эмес. Айрым учурларда “кыштым” статусун кабыл алуу ыктыярдуу мүнөзгө ээ болгон. Мындай учурларда тараптар эки тарапка тең пайда алып келген өз ара милдеткерликтерди кабыл алышкан. “Кыштым” статусун кабыл алган уруу (урук) биринчиден салык төлөшсө, экинчиден кыргыз аскерлерине кошуун (аскер, черүү) берүүгө тийиш болушкан. Ал эми өз кезегинде кыргыздар болсо алардын чектерин кайтарышып, кыштымдар аймактарында тынчтыктын өкүм сүрүшүнө көз салышкан.

www.bizdin.kg

Мындай социалдык абал түзүлгөн кырдаалга жараша кыштымдардын кызыкчылыгына жооп берген. Кыштымдар күчтүү мамлекеттин коргоосуна, анын камкордугуна, бөтөнчө тынч жашоого өздөрү кызыкдар болушкан (6, с.45-64).

Алтыр улусунун кыштым уруулары (уруктары) Кузнецк Алатоосунун тоолуу-токойлуу жерлеринде, Томи, Мрассу, Кондом дарыяларынын өрөөндөрүндө жашашчу. Тубин улусуна кирген кыштымдар Чыгыш жана Батыш Саяндардын аймактарын жердешчү (6, с.156). XVII к. баш чендерине карата енисейлик кыргыздардын түштүк сибирлик кыштымдарга карата болгон үстөмдүгүнө коркунуч келтирген согуштук-саясий бирикмелер пайда боло баштайт. Алар күчтүү көчмөн аскердик-саясий системасы бар хотогойт (халха моңголдору) жана түрк тилдүү телеуттар болучу. Ошол эле учурда (XVII к. башы) Иртыштын жогорку агымдары тарабынан Тоолуу Алтайга ойроттордун аскер бөлүктөрү чабуулга өтө башташкан. Айрым маалыматтарда кыска убакыттын ичинде эле ойроттор “тоо теленгуттарын” кыштымдарга айландырып салышкан экен. Ошол эле учурда Алтай тарапка көчүп келген телеуттар енисей кыргыздарынын Түндүк Алтайдагы жашаган кыштымдарына коркунуч келтире баштаган. Жыйынтыгында, орус келгиндеринин Сибирдин түштүгүнө (Кыргыз өлкөсүнүн аймактары) карата жортуул уюштуруусунун алдындагы түзүлгөн согуштук-саясий кырдаал дал ушундай болучу. Натыйжада, кыргыздарда экономикалык кызыкчылыктары тараган кыштымдардан айрылып калуу гана эмес, өз көз карандылыгын жоготуу коркунучу пайда болгон.

Адамдын социалдык абалы, анын уругунун (сөөгүнүн) коомдогу ээлеген ордуна карата аныкталган. Кыргыз жеринин калкы эки катмарга “хасха сөөк” - ак сөөктөргө, аристократиялык топко - кыргыздар киришкен, “пора сөөк” - боз сөөктөргө - эзилүүчү тапка, кыштымдар жана харачтардын баары кирген (7, с.21-22). Маселен, XVIII к. баш чендеринде алар Томскилик воеводага Чулум дарыясына жакын турган кыштымдардан 11 жылда жыйналып алынган (1691-1702 жж.) 11 миң 400 кундуз терисин кайтарып берүүнү талап кылышкан. Орус бийликтери өз кезегенде кыргыздар ошол эле кыштымдардан талап-тоноо жолу менен 2000 кундуз, 100 түлкү, 100 булгун, 5000 горностай, 20 000 тыйын чычкан терилерин алышканын билдиришкен” (8, с.70). Улусттарды жетектеген кыргыз бектери 500дөн 1000ге чейин кыштымдарга ээлик кылышкан. Маселен, Алтыр

www.bizdin.kg

улусунун беги Талай “Мрассу жана Кондом дарыяларынын аймактарында 1000 дей салык төлөөчүгө, исардык улус тайшиси Ичeней-Мергендин “Мугал жериндеги” кыштымдарынын саны 500гө жеткен. Коомдогу ээлеген абалы анчалык жогору эмес кыргыз княздарынын кырктан ашуун салык төлөөчү адамдары жана аң уулоочу аймактары болгон. 1701-ж. орус документтеринде “кыргыз княздарынын жалпы саны 300, салык төлөгөн кара таман эл, кыргыздарда кыштым деп аталган эркектердин саны 1000ге жетет. Чындыгында, кыштымдардын так саны жогорудагы аталган маалыматтан көп эле. Эгерде кыргыз бектери жана чайзандарынын саны 100 деп эсептелсе, алардын артында 6 миң кыштым, үй бүлөлөрү менен кошуп эсептегенде 30 миң адамды (5 коэфиценти менен алганда) түзгөн (5, с.171-174).

XVII к. баш чендеринде моңгол жана маньжур тилдеринен которулган дипломатиялык документтердин жыйнагында Түштүк Сибирдин көпчүлүк уруулары “урянхай” деген ат менен белгилүү боло баштаган. Маселен, Кыргыздарды жунгарлар сүргөн мезгилде Енисей өрөөнүндө төрт аймак “кыргыз урянхайлары” арахаш, застук, хайгин, модорлор болушкан. Исар улусуна ариндер (аара), качиндер (хааш), кайдиндер (хайдын), ястиндер (частых), моторлор (модар) калган. Ошол эле жылы Абакан өрөөнүндө орус букаралыгына Кыргыз жеринин 12 урянхай аймактары кирищти. Алар Том-Сагай, Уюс-Сагай, Иргит, Четубер, Сарыглар (2 аймак), Ичег, Табан, Белтир, Саин, Хапхына жана Чыстар эле. Айрым документтерде аталган аймактар “кыргыз өндүүлөр” Кыргыз жеринин Алтыр улусунун курамына киришкен. 1704-ж. Кузнецк Алатоосунун тоолуу-токойлуу жерлеринде “урянхай аймактарынын” миң түтүнү жайгашкан. Алардын арасынан бүгүнкү сагайлардын этникалык топторунун көпчүлүк бөлүгүн түзүшкөнүн төмөнкү этнонимдерден байкоого болот: бюрюс (пүрүс), хобый, хызыл-хая, туран, киджин, харга, тайас, халар ж.б.у.с. 1708-ж. жазылган жунгар (ойрот) документинде эскерилген “...ал аймакта кыргыс, уранхай, моторлор көчүп-конуп жүрүшөт” - деп жазылганын “кыргыз уранхай-моторлору” катары түшүнүү зарыл. Ушундан улам, жогоруда айтылган “урянхай” деген моңгол-манжур термини кыргыздардагы “кыштым”, вассалдык уруулар, салык төлөөчүлөр деген сөзгө маанилеш болгон (9, с.167). Буга князь Еренактын моңгол тилинде жазылган катындагы “урянхай” сөзү орус тилине “салык төлөөчүлөр” деп которулушу мисал боло алат. XIX к. “Урянхай” деген аталыш Тува жерин аныктап калган. Бул

www.bizdin.kg

жердин калкы байыркы түрк доорунан бери карай кыргыздарга көз каранды абалда болушкан (Кешдимдин алты аймагы), ал эми моңгол басып алууларынан кийин ошол эле моңголдорго “салык төлөөчүлөр” болуп калышкан. XIII к. орто чендеринде В.Рубрук моңголдордон түндүгүрөөктө, кыргыздарга жакын “оренгай” аттуу эл жашайт деп жазганы бар (5, с.174). “Кыргыз өлкөсүнүн ири мал чарбаларында аскер туткундарынын эмгектери пайдаланылган. 1685-ж. Алтыр беги Таин-Эрке жунгар ханынын бир жылдай туруп калганда, азыркы Кыргызстандын (Бурут жери) жана ага чектеш жайгашкан аймактарга жасалган аскердик жүрүштөн соң, “кыргыз князы Таин-Эркеге 70тен ашуун “Бурут жеринин” туткундары (алатоолук кыргыздар – О.К.) белек катары тартууланган (10, с.138). Болжолу, ошол туткундардан хакастардагы “пурут” уруусу келип чыгат. “Кыргыз жериндеги” аскердик-административдик башкаруу жана патриархалдык жашоо уклады үстөмдүк кылган, салык системасы жөнгө салынган коомдук институттар жашап турган.

Кыргыздардын Түштүк Сибирдеги саясий үстөмдүгүн телеуттардын курамындагы “аз кыштым” (ач кыштым), хакастардын ичиндеги “кештим” (качиндер), Монголиядагы кыргыз тектүү хотондордун курамындагы “хэштем” урук (сөөк) аттары да айгинелери бышык. XVIII к. баш чендериндеги Ортолук Енисейдеги Кыргыз мамлекеттүүлүгү жок кылынгандан кийин кыштым институту да өз жашоосун токтоткон. Түштүк Сибирдин түрк тилдүү топтору болгон чулумдар, камассиндер, койбал, бирюсиндер ж.б. орустардын курамына киргенден кийин деле “кыштым татарлары”, “кыргыз кыштымдары” деп аталып кала беришкен (11, с. 47). Сибирь орустарынын диалектилеринде енисей кыргыздарынан калган лакап сөз азыр да айтылып келет. Мисалы, “кыштымничить” – кайыр суроо же “өзүн-өзү кыштымдардай алып жүрүү дегенди туюнтат (12, с.23-56). Жалпысынан, кыштым институту кыргыздардын мамлекеттүүлүгүнүн эрте доорунда эле калыптанганын байкоого болот. Бул этносоциалдык термин аркылуу экономикалык жана экономикалык эмес мажбурлоонун системасы, анын калыптануусу, өнүгүүсү көрүнөт. Демек, жогоруда айтылып кеткендей эле кыргыздардын жана кыштымдардын өз ара алакалары эки тараптын тең талаптарын канааттандырган аскердик, социалдык-экономикалык, чарбалык керектөөлөрдөн улам келип чыккан.

**Адабияттар тизмеси:**

www.bizdin.kg

1 Миллер Г.Ф. История Сибири. – М, 1937.
2 Потапов Л.П. Краткие очерки истории и этнографии хакасов (XVII–XIX вв.). Абакан, 1952
3 Бутанаев В. Я. Хакасско-русский историко-этнографический словарь. -Абакан, 2000. -234 с.
4 Кыргызстандын жана кыргыздардын тарыхы боюнча булактар. (ККТБ).-Б.:2003. Т. 1-2.
5 Бутанаев В.Я.,Бутанаева И.И. Эне-Сай кыргыздары: Фольклор жана тарых. (которгон О.К.Каратаев) Б.:2002.297 б.
6 Боронин О.В. Двоеданничество в Сибири XVII 60-е гг XIX вв, -М.,2002).
7 Бутанаев В.Я.Этническая история хакасов XVII-XIXвв. -М.: 1990. -272 с.
8 Спафарий Н. Путешествие в Китай. Очерк сношений Росии через Сибирь и Монголию до 1675 года\\ http:// www.vostlit. info/Texts/ rus15/ Spapharij/ pred. phtml?id=1754
9 Каратаев О.К. Кыргыздардын этномаданий байланыштарынын тарыхынан. –Бишкек, 2003. -167 б.
10 Ксенофонтов Г.В. Урангхай-сахалар. Т. 1-2. –Якутск, 1992.
11 Линденау Я.И. Описание народов Сибири (первая половина XVIII века). –М., 1983.